**Жерге-Тал айыл өкмөтү**

**Б.Календеров атындагы орто мектебининн администрациясы**

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин кесиптик уюму**

Билим берүү тармагындагы социалдык–экономикалык өнүгүүнун курч маселелерин чечүү жана мугалимдердин, тейлөө кызматкерлердин социалдык жактан корголуусун камсыз кылуу жана уюштуруу боюнча 2021-2023-жылдарга карата Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн Б.Календеров атындагы орто мектебинин кесиптик уюмунун ортосундагы түзүлгөн үч тараптуу

**Келишим**

**1-сентябрь** **Чолок-Кайың айылы**

**1.Жалпы жобо**

Бул келишим Жерге-Тал айыл өкмөтү, Б.Календеров атындагы орто мектебинин администрациясы жана мектептин кесиптик уюму тарабынан 2021-2023-жылдарга карата билим берүү жана тейлөө кызматкерлеринин социалдык кызыкчылыгын бекемдөөгө жана коргоого багытталат.

Үч тараптын макулдугу менен келишимдин айрым шарттарын өзгөртүүгө жана кошумча шарт киргизүүгө болот. Жогоруда аталган үч тарап ушул келишимдин аткарылышын үзгүлтүксүз текшерип, анын аткарылышын көзөмөлдөп, аткарылышын камсыз кылып турууга милдеттенет.

2. Атаган үч тарап төмөндөгүлөрдү биргелешип аткарууга милдеттенишет.

| № | **Аткарылуучу иштер** | **Мөөнөтү** | **Ким аткарат** |
|---|---|---|---|
| 1 | « Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамды жана агартуу системасына тийиштүү болгон Указдар менен токтомдорду жетекчиликке алып үзгүлтүксүз биргелешип иш жүргүзүү. | Дайыма | Тараптар |
| 2 | Мектепте чыгармачылык менен иштеп жатышкан алдыңкы мугалимдерге ар кандай кызыктыруучу сыйлыктарды берүү. | Учурунда | Тараптар |
| 3 | Билим берүү жана тейлөө кызматкерлеринин эмгегин коргоо, алардын жашоо шарттарын, күндөлүк керектөөлөрүн, муктаждыктарын, аларга өкмөт тарабынан берилген жеңилдиктерди камсыз кылууга жетиштүү. | Дайыма | Тараптар |
| 4 | Эл аралык кайрымдуулук корпустары менен байланышуу жана жардам алууга жетишүү. | Учурунда | Тараптар |
| 5 | Муктаж болгон мугалимдерге кандай жардам болбосун ага көмөктөшүү | Учурунда | Тараптар |
| 6 | Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан сунуш кылынган сынактардан жоболоруна ылайык, долбоор даярдап гранттарды утууга жетишүү | Учурунда | Тараптар |
| 7 | Атайын кайрылган мугалимдерге кредит, грант алып берүүгө көмөктөшүү | Учурунда | Тараптар |

## 3.Жерге-Тал айыл өкмөтү төмөндөгүлөрдү аткарууга милдеттенет

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жоопту |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин нормага ылайык, өз учурунда отун көмүр менен камсыз кылуу | Дайыма | Жетекчилик |
| 2 | Мектептин ремонтун өткөрүү үчүн мүмкүн болушунча кошумча акы каражаттарынан жардам берүү | Дайыма | Жетекчилик |
| 3 | Мүмкүн болушунча инвентарлар менен камсыз кылууга тийиштүү. | Август | Жетекчилик |
| 4 | Атайын кайрылгын мугалимдерге чарба күтүүгө, огород өздөштүрүүгө, кичи иш каналдарды уюштурууга ж.б үчүн жер аянттарынын чечип жардам беру. | Учурунда | Жетекчилик |

## 4.Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин жетекчилиги төмөндөгүлөрдү аткарууга милдеттенет

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Билимин, иш намысын, категориясын ж.б эске алуу менен мугалимдердин ставкаларынын аныктап иш бөлүштүрүү. | Август | Жетекчилик |
| 2 | Перспективдүү планга ылайык, мугалимдердин кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу курстарынан о.э аттестациялоодон өткөрүп туруу. | Учурунда | Жетекчилик |
| 3 | Билим берүү жана тейлөө кызматкерлеринин эмгегин коргоо, аларды тийиштүү шарттарды түзүп берип. Жумуш орду менен камсыз кылуу. | Дайыма | Жетекчилик |
| 4 | Алардын өзүн-өзүү башкаруусуна катышуу, эмгек отпускасына чыгуу, кесиптик иши үчүн тиешелүү шарттарды түзүүнү талдап чыгуу укугун камсыз кылуу. | Дайыма | Жетекчилик |
| 5 | Каржылоонун ар кандай формаларын киргизүү, бюджеттен сырткаркы акча каражаттарын табуунун булактарын издеп табуу жана аны максатка ылайык пайдалануу. | Жыл ичинде | Жетекчилик |
| 6 | Мектептин ремонтун өз учурунда сапаттуу ремонттоп бүткөрүү. | Август | Жетекчилик |
| 7 | Мектепти оз учурунда отун-көмүр менен камсызкылып, печкаларды ремонттоо. | Учурунда | Жетекчилик |
| 8 | От жагуу мезгилинде класстык бөлмөлөрдүн жылуулугун өз нормасында сактоо. | Учурунда | Жетекчилик |

**5.Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин кесиптик уюму төмөндөгүлөрдү аткарууга милдеттенет.**

| № | Аткарылуучу иштер. | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдердин жана тейлөө кызматкерерининин ден соолуктарын чыңдоо боюнча курорт-санаторияларга, эс алуу үйлөрүнө барууга шарт түзүп, жолдомолорду камсыз кылып туруу. | Учурунда | Кесиптик уюм |
| 2 | Кызматкерлердин эмгегин коргоо жана тех-коопсуздук эрежелеринин сакталышына көзөмөлдүк жүргүзүү. | Дайыма | Кесиптик уюм |
| 3 | Мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүнө жана эс алуусуна мүмкүн болгон шарттарды түзүү. Ар кандай талаш маселелери болуп калса тиешелүү мыйзамдын чегинде чечип берүү | Учурунда | Кесиптик уюм |
| 4 | Мугалимдердин аттестациядан өткөрүү аларга категорияларды ыйгарууга катышуу, тарификациянын туура түзүлгөнүнө көзөмөлдүк кылуу. | Учурунда | Кесиптик уюм |
| 5 | Мугалимдердин жана тейлөө кызматкерлеринин законду кызыкчылыгына жараша укуктарына каршы келген административдик чечимдердин жокко чыгарылышына же өзгөрүлүшүнө карата мыйзам чегинде чечкиндүү чара көрүү. | Учурунда | Кесиптик уюм |
| 6 | Мугалимдердин эмгек тартибинин сакталышын көзөмөлдөп, тийиштүү чараларды көрүү. | Учурунда | Кесиптик уюм |
| 7 | Эмгекке жарамсыздык баракчасынын туура эсептелип, өз учурунда төлөнүшүн контролдоп туруу. | Кышында | Кесиптик уюм |
| 8 | Кыш мезгилинде, класстардын жана жалпы эле мектептин жылуулугун нормага ылайык камсыз болушун контролдоо. | Кышында | Кесиптик уюм |
| 9 | Кызматкерлердин маданий-массалык эс алууларын уюштуруп турууга жетишүү. | Учурунда | Кесиптик уюм |

**Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн башчысы:** **Б.Календеров атындагы орто мектебинин**

**__________ М.Ашырбеков** **директору: __________ Г.Кенеева**

**Б.Календеров атындагы орто мектебинин кесиптик**

**уюмунун төрайымы: __________ Ж.Касымова**

**Жерге-Тал айыл окмотү** **Б. Календеров атындаагы орто мектебинин кеңеши**

**Б. Календероватындагы орто мектебинин**

**профсоюздук уюмунун кошмо заседаниесинин**

**Токтому №1**

Сентябрь 2021-жыл Чолок-Кайың айылы

Билим берүү тармагындагы социалдык экономикалык өнүгүүнүн курч маселелерин чечүү жана мугалимдердин, тейлөө кызматкерлеринин социалдык жактан корголуусун камсыз кылуу жана уюштуруу боюнча 2021-2023-жылдарга карата Жерге-Тал айыл окмотүнүн жана Б.Календеров атындагы орто мектебинин, аталган мектептин кесиптик уюмунун ортосунда түзүлгөн "келишимди" бекитүү жөнүндө биргелешкен заседание.

**Токтом кылат**

1.Мугалимдердин жумушчу кызматчылардын эмгектерин коргоо, алардын жашоо-шарттарын жакшыртуу, экономикалык маселелерин чечүү боюнча Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн, Б.Календеров атындагы орто мектебинин адмнистрациясынын жана мектептин кесиптик уюмунун 2021-2023-жылдарга карата үч тараптуу "келишим" бекитилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы мектептин кесиптик бирлигинин уюмуна милдеттендирилсин.

**Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн башчысы:** ____________**М.Ашырбеков**

**Б.Календеров атындагы орто мектебинин директору:** ____________**Г.Кенеева**

**Б.Календеров атындагы орто мектебинин кесиптик уюмунун торайымы:** ____________**Ж.Касымова**